*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2017-ж. 11-апрели.

# 2017-жылдын январь-март айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сомов)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-март 2016[1] январь-мартына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-март 2015 январь-мартына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 86143,1 | 107,8 | 93,6 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 75997,5 | 103,9 | 100,5 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 51840,2 | 135,9[2] | 73,5[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 30029,2 | 123,8[2] | 97,5[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 3044,3 | 170,6[2] | 150,0[2] |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 36047,7 | 137,4[2] | 66,3[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 12315,3 | 117,1[2] | 85,9[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 433,0 | 100,3[2] | 108,5[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 22014,3 | 101,5 | 100,3 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 17689,6 | 99,3 | 100,2 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 16647,0 | 100,0 | 104,0 |
| Дүң жана чекене сооданын | 74833,6 | 103,9 | 105,1 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-март 2016[1] январь-мартына карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-март 2015 январь-мартына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | | | |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 42338,8 | 104,5 | 103,8 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 3301,2 | 106,9 | 107,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 6824,2 | 103,1 | 104,6 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 155,4 | 103,8 | 103,6 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 159,7 | 91,2 | 76,1 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 6187,0 | 83,9 | 101,0 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,5 | 101,2 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 102,1 | | |
| - 2016-ж. мартына карата | 102,8 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 59,3 | 102,2 | 97,9 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 13676 | 104,5 | 111,9 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 233,5 | 97,2 | 95,7 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 518,9 | 110,4 | 79,9 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-февраль. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-февраль (КР бажы кызматынын баштапкы маалыматтары боюнча).

## 2017-жылдын январь-март айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы январь-март айларында негизинен металл кендерин (4,3 эсеге) казуунун, негизги металлдарды (50,6 пайызга) өндүрүүнүн, тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (45,9 пайызга), кийимдерди өндүрүүнүн (31,9 пайызга), тамак-аш продуктуларын өндүрүүнүн (37,0 пайызга), ошондой эле электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмүнүн (17,1 пайызга) өсүшүнөн келип чыкты.

Ошол эле учурда химиялык продукцияны чыгарууда жана металл эмес минералдык продукцияларды чыгарууда өткөн жылдын ушул мезгилиндеги деңгээлинен артта калуулар байкалды.

**Айыл чарбасы.** Айыл чарбасындагы, токой чарбасындагы жана балык уулоочулуктагы продукциянын көлөмдөрүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын продукциясынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, пайдалуу кендерди казууда, иштетүү өндүрүшүндө, транспорттук ишмердүүлүктө жана жүктөрдү сактоодо, маалымат жана байланыш, билим берүү, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттерин курууда байкалды.

Ошол эле убакта негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), суу менен камсыздоодо, таштандыларды тазалоо жана кайрадан иштетүүдө, дүң жана чекене соодада, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, финасылык ортомчулукта жана камсыздандырууда, саламаттыкты сактоодо, турак жай курулушунда жана башка тейлөө ишмердүүлүгүндө байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 1,7 пайызга төмөндөп, ал эми сырткы булактардан түшкөнү тескерисинче 1,9 пайызга өстү.

Инвестицияларды негизги көлөмү (83,3 пайызы) пайдалуу кендерди казуудагы, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу, транспорт тармагындагы, мейманкалардын жана ресторандардын объектилерин курууга багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү өткөн жылдын январь-мартына салыштырганда негизинен дүң (5,8 пайызга) жана чекене сооданын (4,5 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн өсүшү 2016-жылдын ушул мезгилине салыштырганда Нарындан башка бардык региондордо өстү.

**Баалар жана тарифтер**. Үстүбүздөгү жылдын 1-кварталында керектөө секторундагы инфляция 2,1 пайызды түздү. Мында үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн айга салыштырганда керектөө бааларынын өсүшү республика боюнча 0,5 пайыз болду.

Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 1-кварталда 3,4 пайызга жогорулады. Баалардын чукул өсүшү картошканын (39,3 пайызга), жаңы жер-жемиштердин (23,6 пайызга), алманын (5,2 пайызга) жана жаңы союлган малдын этинин (1,6) баасынан байкалды. Ошол учурда январь-мартта  крупа (1,4 пайыз), сүт жана сүт азыктарынын (1,5 пайызга), өсүмдүк майынын (1,5 пайызга) жана күрүчтүн (0,6 пайызга) баасынын төмөндөшү байкалды.

Март айында 2016-жылдын декабрына салыштырганда тамекинин баалары (12,7 пайызга) жана кызмат көрсөтүлөрдүн тарифтери (2,6 пайызга) өстү. Жыл башынан бери азык-түлүктүк эмес товарлардын (0,3 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин (0,1 пайызга) баалары төмөндөдү.

1-кварталда керектөө бааларынын эң көп өсүшү Ош шаарында (3,4 пайыз) катталды. Себеби башка региондорго караганда  мында азык-түлүк эмес товарларга (1,8 пайыз), алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин (8,0 пайызга) баалары жогорулады. Тамак-аш продуктуларына жана алкаголсуз ичимдиктерге январь-мартта Ош облусунда ( 5,8 пайызга), ал эми Баткенде кызмат көрсөтүүнүн баалары чукул өстү.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2016-ж. марты менен салыштырганда экспорттун көлөмүнүн 2,8 пайызга төмөндөшүнө монетардык эмес алтынды (2,0 эсеге), руда жана шлактарды (30,5 пайызга) жөнөтүүнүн кыскарышы себеп болду. Ошол эле учурда учуучу аппараттарды (2,1 эсеге), жемиштерди (3,8 эсеге), айнекти - 2,6 эсеге, кара металдарды – 1,5 эсеге жөнөтүү көбөйдү.

Импорттук түшүүлөрдүн 10,4 пайызга жогорулашы химиялык штапель булааларын 1,5 эсеге, кийимдин 3,0 эсеге, жыгачтын 2,8 эсеге, бут кийимдин 1,6 эсеге жана фармацевтикалык продукциянын 44,3 пайызга жогорулашы менен жетишилди. Ошол эле учурда кагаздын, картондун жана андан жасалган буюмдардын 6,0 пайызга, пластмасса буюмдарынын 17,6 пайызга келишинин кыскарышы байкалган.

2017-жылдын январь-февралында ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү 331,3 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-жылдын январь-февралына салыштырганда 7,3 пайызга жогорулады. Мында экспорт - 8,6 пайызга, импорт - 6,7 пайызга жогорулады.  ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга  (58,4 пайыз) жана Казакстанга (40,7 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен кургатылган  жемиштерди (8,4 эсеге), пахта булаасын (3 эсеге) жана айнекти (2,4 эсеге) чыгаруу көбөйдү.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен сүт продуктуларынын (7,7 пайызга), жыгач материалдарынын (2,6 эсеге), пластмасс буюмдарынын (2,2 эсеге), кара металлдардын (44,6 пайызга), өсүмдүк майынын (33,8 пайызга)

көлөмдөрү көбөйдү. Ошол эле учурда кондитердик азыктардын 38,6 пайызга жана жууп тазалоочу препараттардын алып келиниши 31,0 пайызга азайды.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен сүт азыктарын 2,8 эсеге, кондитердик азыктардын 2,3 эсеге, кургатылган жемиштерди 2,4 эсеге алып чыгуу көбөйдү.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен кондитердик азыктар 2,3 эсеге, мунайзат продуктуларын 1,6 эсеге жана күрүчтү 1,7 эсеге алып кирүү өстү. Ошол эле убакта газдалган минералдык сууларды алып кирүү 2,5 эсеге жана өсүмдүк майын алып кирүү 2,4 эсеге жана таш көмүрдү 21,0 пайызга алып кирүү төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**